Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
18-19. sayı 2013

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
18-19-саны 2013

# КЫРГЫЗСТАНДА ДИН МЕНЕН МАМЛЕКЕТТИН БАЙЛАНЫШЫ

**Маметбек Мырзабаев**
Дин социологиясынын доктору (PhD)
Мамлекеттик дин комиссиясынын аналитика,
диний уюмдар менен байланыш жана
эл аралык мамилелер бөлүмүнүн башчысы

**Özet**

Din-devlet ilişkisi konusu her toplumda olduğu gibi, Kırgızistanda da güncelliğini korumkaktadır. Bu araştırmada, Kırgızistan'daki dini kurum ve kuruluşlarla devlet ilişkisi araştırılacaktır. Kırgız toplumundaki dini yapılanma ve değişime doğrudan etki eden bu konuyla ilgili olarak şu sorulara cevap aranacaktır: Kırgızistan'daki dini kurumsallaşmanın hukuki temeli nedir? Pratikte dini kurum ve kuruluşlar hangi statüye sahiptir? Devletin dini radikalizme karşı mücadele anlayışının özellikleri nelerdir?

**Anahtar kelimeler:** din, dini kurum, devlet, Din işleri devlet komisyonu, kanun

## 1. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары: идеологиялык мамлекеттен жарандык коомго карай

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында кабыл алынган бардык укуктук актылар сыяктуу эле дин чөйрөсүн жөнгө салган мыйзамдарда да мамлекеттин көзөмөлүн азайтуу, жарандардын диний укук жана эркиндиктерин кеңейтүү көздөлгөндүгү байкалат. Атеисттик пропаганданын ордуна дин эркиндигине, коммунисттик идеологиянын ордуна плюралисттик баалуулуктарга басым жасалган. 1991-жылы кабыл алынган Дин мыйзамында жарандарга динге карата мамилесин өз алдынча аныктоо жана ошого жараша жашоо укугу берилгендиги айтылса, кийинчерээк (1993) кабыл алынган Баш мыйзамда Кыргыз Республикасы светтик мамлекет деп жарыяланган.

Мурдатан кыргыздар унитардык мамлекет түзүп көрбөгөндүктөн, мамлекеттин дин саясаты кандай болоору жөнүндөгү маселе эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында бүдөмүк болгондугун айта кетүү зарыл. Себеби, 1991-жылкы Дин мыйзамы, 1-октябрь 1990-жылы кабыл алынган СССРдин «Дин эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» мыйзамы кандай болсо, ошол боюнча Кыргыз Республикасынын Дин жөнүндөгү мыйзамы катары кабыл алынган. Ал эми 1990-жылкы СССРдин Дин мыйзамы, СССРдин кулашынан мурда

башталган дин чөйрөсүн либералдаштыруу аракеттеринин негизин түзгөн.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында исламий баалуулуктарга коомдо чоң маани бериле баштаса да, саясий жана коомдук деңгээлде бул жараян идеологиялык жаңы альтернатива катары өзүн көрсөтө алган эмес. С. Винтерсейн, Борбордук Азиядагы диний жандануу бул чөлкөмдөгү мамлекеттердин мамлекеттүүлүгүнүн негизине доо кетиргенин айткан[1] болсо да, Кыргызстан үчүн мындай жараяндар болгондугун айтуу кыйын. Кыргызстанда дин мамлекетин жактаган, же болбосо динге негизделген саясий проектиге ээ күчтөр эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында байкалган эмес. Бирок Кыргыз Республикасынын президенти болуу үчүн А. Акаевдин Куранга колун коюп ант берүүсү,[2] Жогорку Кеңештин төрагасынын дуба кылуусу, Ала-Тоо аянтында Жума жана Курман айт намазынын окулушу[3] бул мезгилде диний баалуулуктарга чоң маани берилгендигин көрсөтүп турат.

**2. Диний уюмдар жана мамлекет**

**2.1. Муфтият жана мамлекет**

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Орто Азия жана Казакстан мусулмандар башкармалыгынан бөлүнүп Кыргызстан мусулмандарынын Казыяты, кийинчерээк Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы деп аталган Муфтият, өлкөдөгү мусулмандардын өкүлү катары мамлекет менен байланыш түзгөн алгачкы диний уюм болуп эсептелинет. Азыркы күнгө чейин чечилбеген материалдык жана башкаруучулук проблемалардын айланасындагы талаш-тартыштар кээде республикалык деңгээлге чейин көтөрүлүүдө. Өзгөчө Муфтийдин шайланышы жана ажылык/умра зыяраттарын уюштуруу боюнча пайда болгон пикир келишпестиктер мамлекетке, элге, эң негизгиси КМДБнын өзүнө зыянын тийгизүүдө.

Ажылыкты кээде Муфтият уюштурса, кээде мамлекет да уюштурган.[4] Бирок кайсыл тарап уюштурса уюштурсун, ажылыкты уюштуруу маселеси ар дайым талаш-тартыш туудуруп келген. Ал эми исламий радикализм маселесинде Муфтият жана мамлекет кээде бир пикирге келишсе, кээде мамилелери дал келген эмес. Мамлекеттин Ислам динине жана диний экстремизмге байланыштуу саясатында

[1] Stephen Wintersein, "The Market for Central Asian Legitimacy", *Orbis*, Summer, 1999, 435-бет.

[2] 01.07.2008-жылы Садыкжан Камалов менен болгон маегибизде, президенттин Куранга кол койуп ант берүүсүн С. Камаловдун уюштургандыгы белгилүү болгон.

[3] Салижан Жигитов, «Кыргыз жана дин», Аалам газетасы, 1993, № 20-22.

[4] 19.02.1998 № 83-Өкмөт токтому.

негизги функциялар жүктөлгөн Муфтият, көбүнчө «Хизбут-тахрир» уюмуна каршы иш-чараларда Дин комиссиясын колдогон болсо,[5] Дин комиссиясынын жана укук коргоо органдарынын «Таблиг жамааты» жөнүндөгү кооптонуусуна[6] Муфтият кошулган эмес жана тескерисинче Муфтиятка караштуу Даават бөлүмүн ачкан.

«Эң негизги салттуу дин катары» Ислам дини жана Муфтияттын колдоого татыктуу экендиги[7] мамлекеттик деңгээлде канчалык айтылса да, мечит жана медреселердин күн сайын өсүшү мамлекет тарабынан көбүнчө кооптонуу менен кабыл алынган жана исламий уюмдардын көбөйүүсү радикализмге жол ачат деген пикир[8] кеңири таркаган. Бул парадоксалдуу көз караштын калыптанышында, Муфтияттын исламий уюмдарды жөнгө салуу, диний жараяндарды көзөмөлдөө жана контролдоо мүмкүнчүлүгүнүн чектелүү экендиги негизги ролду ойногон.

Муфтияттын материалдык жактан алсыздыгы бул уюмду сырткы «көмөкчүлөргө» көз каранды кылууда жана бул шартта Муфтият канчалык эркин жана өз алдынчалыкка ээ деген маселе коомчулукту жана мамлекетти түйшөлтүүдө. Сырткы жардамдарга таянып исламий объектилер жана уюмдар күн сайын өсүүдө. Мамлекеттик дин комиссиясынын эсеби боюнча 1-январь 2013-жылга карата Кыргызстанда 2005 исламий уюм (мечит жана медреселер кошулуп) катталган.

### 2.2. Орус православдык чиркөөсү жана мамлекет

Кыргызстандагы «салттуу» диндердин бири катары Орус православдык чиркөөсү акыркы мезгилдерге чейин мамлекет менен тыгыз мамиледе болгондугу маалым. Өзгөчө жаңы диний агым жана секталарга каршы мамлекет менен тыгыз байланышта болгон. Ал эми мамлекет болсо, Орус православдык чиркөөсүн Ислам динине кошулуп мамлекетти калыптандырган дин катары эсептеген. Орус провославдык чиркөөсү мамлекеттин биринчи орунга ислам динин коюшун туура, табигый жана демократиялык көрүнүш деп эсептеген.[9]

Кээде Орус православдык чиркөөсү бийликти колдогон жана оппозициянын иш-аракеттерин сынга алган. Мисалга алсак, 2002-жылы

---

[5]Уламалар Кеңешинин 2002-жылдын 15-октябрындагы фатвасын караңыз.

[6]10.08.1995 №345-Өкмөт токтому; Мамаюсупов О.Ш. «Религиозная ситуация в Кыргызской Республике», Ислам в Центральной Азии: Сборник материалов конференции, Вестник ОшГУ. Спец.вып., Ош, 2004, 34-35-бет.

[7]06.05.2006 № 324-Мамлекеттин Дин Концепциясы.

[8]10.08.1995 №345-Өкмөт токтому.

[9] Архиепископ Бишкекский и Среднеазиатский Владимир, «Центральная Азия как регион взаимодействия культур, религий и цивилизаций», Центральная Азия и культура мира, № 1-2 (12-13), 2002, 34-35-бет.

оппозиция уюштурган наразычылык акциясына карата Орус православдык чиркөөсү билдирүү тараткан. Ал билдирүүдө оппозицияга карата элдин укугун сактоо, элди мыйзамсыз жана туура эмес иш-аракеттерге үндөбөө чакырыгы айтылган.[10]

Орус православдык чиркөөсүнүн акыркы мезгилдеги структуралык өзгөрүүсү жана бул өзгөрүүгө ылайык мамлекеттик каттоодон өтүү аракети, бул уюм менен Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын мамилесинин өзгөрүүсүнө себеп болгондугу байкалат. Москвада жайгашкан Орус православдык чиркөөсүнүн Ыйык синодунунун 2011-жылы 27-июлда кабыл алган чечимине ылайык Ташкент жана Орто Азия епархиясынан чыгарылып, жаңы түзүлгөн Орто Азия митрополиттик аймагына кошулган Бишкек жана Кыргызстан епархиясы, жергиликтүү диний уюм катары каттоодон өтүү үчүн Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссияга кайрылган. Ал эми Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия, «Дин эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 8-беренесинин 6-пунктуна шилтеме жасоо менен епархиянын башкаруу уюму чет өлкөдө жайгашкандыгына жана аны чет өлкөлүк жарандын жетектегендигине таянып, бул уюмду жергиликтүү уюм катары каттоодон баш тартууда. Бул жараян качан жана кандайча жыйынтыкталаары белгисиз, бирок Орус православдык чиркөөсү Орусиянын Кыргызстандын экономикалык жана саясий чөйрөдөгү таасирин бул маселеде курал катары колдонууга ниеттенгени байкалууда.

**2.3 Жаңы диний уюмдар жана мамлекет**

90-жылдардын башында кабыл алынган мыйзамдык актылар жана дин чөйрөсүнө берилген эркиндик Кыргызстанга жаңы диний уюмдардын келүүсүнө жана жайылуусуна шарт түзгөн. Дүйнөлүк диндерден бөлүнүп чыккан секта жана агымдардан сырткары, өз алдынча пайда болгон жана эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан тарта пайда болгон диний уюм жана түзүмдөр көбөйгөн.

Убакыт өткөн сайын дин алмаштырган жарандардын көбөйүүсү, диний чөйрөнүн өзгөрүшү коомчулукта жана мамлекеттик деңгээлде кооптонууну туудурган. Бирок миссионердик кээ бир агым жана сектаpларга чет элден мамлекеттик деңгээлде колдоо көрсөтүлгөндүгүн эске ала турган болсок,[11] жаңы диний агым жана уюмдардын диний чөйрөгө тийгизген таасирин көзөмөлгө алууда

[10] «Пора очищения: Из обращения руководителя Православной церкви Кыргызстана отца Павла», Слово Кыргызстана, 15.11.2002.

[11] Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын ага инспектору Жаныбек Ботоевтен 7-июнь 2008-жылы алынган интервьюдан.

мамлекет кандай тоскоолодуктарга дуушар болгондугун көрүүгө болот. Ошого карабастан, өкмөт 1995-жылы 10-августта № 345-токтомун жарыялаган. Бул токтомдо кээ бир диний уюмдардын саясий максаттарды көздөгөндүгү, мечиттердин этникалык өзгөчөлүктөрү боюнча бөлүнгөндүгү, исламий фундаментализмдин жайылып бара жаткандыгы, КМДБнын ажылыкты уюштурууда кемчиликтерди кетиргендиги, сырткы мамлекеттердин материалдык колдоосуна таянган миссионерлердин прозелитизм жараянын күчөткөндүгү айтылган.

Диний ар түрдүүлүк (диний плюрализм) жараткан проблемаларды чечүүнүн жолу катары мамлекет диндерди «салттуу» жана «салттуу эмес» деп классификациялаган. 90-жылдардын ортосунда Россияда колдонула баштаган бул көз караш ислам, православ жана буддизм диндерин «салттуу», ал эми булардан сырткаркы жаңы диндерди «салттуу эмес» диндер деп караган. «Салттуу диндер» мамлекетке жана коомго оң таасирин тийгизген жана колдоого татыктуу диндер катары кабыл алынса, «салттуу эмес» диндерге карата нейтралдуу, кээде негативдүү мамиле басымдуулук кылган.

### 3. Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын түзүлүшү жана мамлекеттин дин саясатынын калыптанышы

1991-1996-жылдарды камтыган убакытта Кыргызстандагы диний структура татаалдашып, дин фактору коопсуздук маселесине айланганына басым жасаган мамлекет, 1996-жылы 6-Мартта Президенттин № 45 буйругу менен өкмөткө караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы түзүлгөн. Негизинен, мамлекеттин дин саясатын алып баруу, жарандардын диний укуктарын камсыздоо жана динге тиешелүү мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө милдеттери жүктөлгөн.

УКМК жана ИИМ сыяктуу күч органдарынын талабына жараша экспертизалык иш-чараларды да алып барган жана болгону 25 штаттык бирдикке ээ болгон Дин комиссиясынын мүмкүнчүлүктөрү чектелүү бойдон калууда. Күн сайын татаалдашып жана өзгөрүп жаткан дин чөйрөсүн көзөмөлдөө, тиешелүү чечимдерди кабыл алуу жана диний уюмдар менен иш алып баруу үчүн Дин комиссиясын структуралык жана функционалдык жактан реформалоо жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү зарылчылыгы пайда болууда.

Дин комиссиясынын түзүлүшү мамлекеттин туруктуу дин саясатын орнотууда негизги кадам болуп эсептелинет. Дин комиссиясы түзүлгөндөн көп өтпөй 1996 жылы 14-ноябрда Президенттин № 396 буйругу менен Убактылуу жоболор кабыл алынган. Бул Жоболор

аркылуу Кыргызстанда иш алып барган диний уюмдарды жана миссионерлерди каттоо, иш-аракеттерин көзөмөлгө алуу жана диний билим берүүгө байланыштуу жараянды жөнгө салуу максат кылынган. Бул жоболор, Дин комиссиясынын мурдагы жетекчиси Ө. Мамаюсуповдун ою боюнча "активдүү дин саясатын жүргүзүүнүн укуктук негизин түзүүнү"[12] көздөгөн болсо да, диний уюмдардын көпчүлүгү каттоодон өткөн, бирок кээ бирлери коомдук уюм, билим берүү мекемеси катары жашыруун түрдө иш алып баруу жолун тандап алышкан. Ал эми чет өлкөлөргө диний билим алуу максатына баруучу жарандардын каттоодон өтүүсүнө тиешелүү болгон жоболор, жарандардын диний билим алуу үчүн чет өлкөлөргө туристтик визалар менен чыгуусунун натыйжасында эффективдүү жыйынтык алып келген эмес.

Дин комиссиясынын иш-аракеттерине багыт берген документтердин бирөө бул Өкмөттүн 2006-жылы 6-майда № 324 токтому менен жарыяланган "Кыргыз Республикасынын дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик концепциясы" эсептелинет. Жогоруда айтылган "салттуу жана салттуу эмес диндер" деген классификация Дин концепциясында кеңири колдонулган. Бул документте мамлекет коомго жана мамлекетке пайда алып келген, Кыргызстанда тарыхый жактан калыптанган диндер менен тыгыз байланышта болоору айтылган. Бирок бул жерде айта кетүүчү нерсе, 90-жылдары "салттуу жана салттуу эмес дин" деген классификацияны колдонгондор «салттуу диндердин" бири деп Ислам динин эсептешсе, 2000-жылдан кийин "Исламдын Суннии агымы" биз үчүн салттуу дин деген пикир таркаган. Ал эми акыркы мезгилдерде болсо, "Исламдын Суннии агымынын Ханафи мазхабы" гана салттуу деп айтылып жатканын байкоого болот.

Мамлекеттин дин саясатынын калыптанышында 2008-жылы 31-декабрда кабыл алынган № 282-"Дин эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү" мыйзам чоң ролду ойногон. 30 беренеден турган бул мыйзамдын эң негизги өзгөчөлүктөрү, ушул мезгилге чейин колдонулуп келген терминдердин түшүндүрмөсүнүн берилиши, диний уюмдардын түзүлүшүн жана алардын иш-аракеттерин жөнгө салууга багытталган жаңы нормаларды бекитилиши болгон. Тагыраак айтканда, мурдагы мыйзамда диний уюм түзүү үчүн он киши жетиштүү болсо, жаңы мыйзамда эки жүз кишиге көтөрүлгөн (8-берене 3-пункт). Ал эми башкаруу органы чет мамлекетте жайгашкан, же болбосо башкаруу органында чет элдик жарандар иш алып барган

[12] Мамаюсупов О.Ш. Вопросы (проблемы) религии на переходном периоде, Бишкек, 2003. 70-бет.

бардык диний уюмдар чет элдик диний уюм деп аталаары айтылган (8-берене 6-пункт).

2008-жылкы Дин мыйзамы, 1991-жылкы мыйзамдан айырмаланып, диний уюмдарга укуктарды бергендей эле, жоопкерчиликтерди да жүктөгөн. Негизинен, диний уюмдардын башкаруу, финансылык жана динди жайылтуу иш-аракеттерине карата көзөмөл (кийлигишүү эмес) жүргүзүү, миссионерлердин “жардам берүү” деген шылтоолорго таянып өз диндерин таркатуусуна жол бербөө максат кылынган. Бирок Дин мыйзамы көп жагынан Дин концепциясынан айырмаланган. Эң эле көрүнүктүүсү болуп бул документтерде колдонулган терминдердин бири-бирине дал келбегендигинде болгон. Ошондуктан, мыйзамдык актылардагы кээ бир карама-каршылыктар дагы деле болсо бар экендигин айтууга болот.

**4. Диний радикализге жана кээ бир секталарга каршы мамлекеттик саясаттын өзгөчөлүктөрү**

Мамлекеттин диний радикализмге карата мамилеси 1994-95-жылдары калыптана баштаган. Жогоруда айтылган, Өкмөттүн 1995-жылы 10-августта жарыяланган № 345 токтомунда, Исламий радикалдардын (токтомдо айтылгандай “Вахабизсттердин”) Кыргызстандагы иш-аракеттерине басым жасалган. 1999-2000 жылдардагы “Баткен окуялары” болсо, “Өзбекстан ислам кыймылы” менен “Хизбут-тахрир” уюмуна каршы мамлекеттин кооптонуусун күчөткөн. 2001-жылы сентябрда АКШда болгон окуялардан кийин Кыргызстандын диний радикализмге карата саясаты, көбүнчө эл аралык жана мамлекеттер аралык мамилелерге таянып өнүгө баштаган. 2003-жылы Жогорку сот “Чыгыш Түркистан ислам кыймылы”, “Чыгыш Түркистан боштондук уюму”, “Түркистан исламий партиясы” жана «Хизбуттахрир» уюмунун иш-аракеттерине тыюу салган. Ал эми 2006-жылдын 15-сентябрдагы соттун чечимдери менен “Аль-Каида”, “Талибан” кыймылы, 2008-жылы 11-июндагы “Күрттөрдүн улуттук конгрессии” жана “Жихад группасына” Кыргызстандын аймагында тыюу салынганы маалым. Коомдук жана мамлекеттик коопсуздукка тескери келген иш аракеттерди алып барган деген негизге таянып сот 2012-жылы 22-февралда Мун чиркөөсүнүн иш-аракеттерин токтоткон болсо, 2012-жылы 7-майда Дин комиссиясы Саентология чиркөөсүнүн күбөлүгүн кайра чакыртып алган. Ал эми 2012-жылы 24-октябрда Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту «Жайшул Махди», «Жундул-Халифат», «Ансаруллах», «Ат-Такфир Вал-Хиджра» уюмдарын «салафизмдин жихадтык -такфирдик багыттындагы диний уюмдар» деп тааныган.

Кыргызстанда өзүнүн иш-аракеттерин активдүү алып бара жаткан диний жамаатардын бирөө болуп «Теңирчилик» эсептелинет жана азыркы мезгилде Дин комиссиясынан каттоодон өтүү менен расмий түрдө дин катары иш алып барууну көздөөдө. Улуттук өзгөчөлүктөр менен диний баалуулуктарды бириктирүүгө аракет кылган «Теңирчилик» элге өзүн исламга каршы альтернатива катары сунуштоодо.

Акыркы мезгилдерде иш-аракеттери кызуу талкууларды пайда кылган агымдардын катарына "Таблиг жамааты" да кирүүдө. 90-жылдарда эле Кыргызстанда пайда болгон бул жамаат Кыргызстанда каттоодон өтпөгөнү менен Муфтияттагы Даават бөлүмү аркылуу иш алып барууда. КМШ өлкөлөрүнүн көпчүлүгүндө бул уюмга тыюу салынган. Кыргызстанда да акыркы мезгилде кооптонууну туудуруп жатканын байкоого болот. Коомчулук жана мамлекет ислам дининин жайылуусунда "Таблиг жамаатынын" ролун баалоо менен бирге бул жамааттын сырткы байланыштарга ээ болуусунан чочулоодо. Бул маселеге карата айтылган ой-пикирлер көбүнчө бул жамааттын Кыргыз элинин диний түшүнүгүнө дал келбегендиги жөнүндө болууда.

**Жыйынтык**

20 жылдан ашык убакыттын ичинде Кыргызстандагы диний структура чоң өзгөрүүлөргө дуушар болду. Мамлекет да динге карата өз саясатын калыптандыруу максатында көптөгөн иш-аракеттерди аткарды. Коомдогу диний жараяндар ички жана сырткы факторлордун таасири менен өнүктү. Мурдатан кыргыздарга тиешелүү унитардуу мамлекеттин болбогондугу, коммунисттик идеологиянын таасири, глобалдашуу жана демократиялашуу сыяктуу факторлор азыркы мезгилдеги диний абалдын калыптаныша алып келди. Кыргызстан саясий-идеологиялык жактан ачык мамлекет болуу максатын койгон мезгилден тарта диний ар түрдүүлүк коомдо жайыла баштады. Кыргызстан адам укуктарын жана эркиндиктерин сыйлаган жана тааныган, жарандарына диний-идеологиялык негизде атаандашуу мүмкүнчүлүгүн берген мамлекет болуу жолунда, диний негиздеги араздашуулар жана коопсуздук маселелери менен күрөшүүдө. Бирок, бул күрөштө демократиялык баалуулуктардан артка кайтуу же кайтпоо маселесин коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыктар аныктаары бышык.